| | | |
|---|---|---|
| Чолпон айыл өкмөтү | К. Акназаров атындагы орто мектеби | К. Акназаров атындагы орто мектебинин профсоюздук уюму |
| 2019-2020-ж | 2019-2020-ж | 2019-2020-ж |

Билим берүү тармагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана билим берүү кызматкерлерин социалдык жактан коргоону күчөтүү, маанилүү маселелерди чечүү боюнча Чолпон айыл өкмөтүнүн К. Акназаров атындагы орто мектебинин жана профсоюздук уюмунун 2019-2020-жылдар үчүн түзүлгөн

# КЕЛИШИМИ

Чолпон айылы 2019-жыл

## Жалпы жобо

Бул макулдашуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде мындан ары тараптар Чолпон айыл өкмөтү К.Акназаров атындагы орто мектебинин мектеп администрациясы, К.Акназаров атындагы орто мектебинин профсоюздук уюмунун ортосунда Билим берүү тармагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана билим берүү кызматкерлерин социалдык укуктук жактан күчөтүү. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн, Кыргызстан профсоюздар федерациясынын ортосунда түзүлгөн Генералдык макулдашуусундагы социалдык өнөктөштүктү аткаруу багытында түзүлөт. Айыл өкмөтүнүн, мектеп администрациясынын, профкомдун иш аракеттери Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын чегинде жүргүзүлөт жана алар төмөндөгү иштерди уюштурууга жана аткарууга макулдашат.

**Биринчи тарап**

## Чолпон айыл өкмөтү:

1. Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн 2 га жер бөлүп берүү жана аны иштетүүгө көмөк көрсөтүү;
2. Мугалимдердин жумушчу орундарын санитардык-гигиеналык жактан өз деңгээлинде болушуна жетишүү. Эмгек коопсуздугун сактоонуу талап кылуу;
3. Турмуш шарты оор, жалгыз бой, көп балалуу мугалимдерге, тех кызматчыларга ар кандай материалдык жардамдарды берүү;
4. Мектептин инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча проектилерди түзүп өткөрүүгө жардам берүү;
5. Жамааттык уюмдар менен бирдикте айылды экономикалык жактан өнүктүрүү перспективалык пландарын түзүүдө мектеп мугалимдери менен айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жалпы мобилизациялык ишке биргелешип катышуусун уюштуруу;
6. Мугалимдердин статусу жөнүндөгү мыйзамга ылайык өз билимин өркүндөтүү үчүн окууга жөнөтүлгөн мугалимдердин тиешелүү чыгымдарынын системага ылайык өз убагында каржыланышына жетишүүсү. Кочкор райондук элге билим берүү бөлүмү менен алдын ала түзүлгөн келишимдин негизинде аткарылат;
7. Мектептин катардагы жана капиталдык ремонт жумуштарын долбоор түзүп аткарылышын көзөмөлгө алуу;
8. Оорулуу мугалимдерди учетко алуу жана аларга эс алуу үйлөрүнө, курорт, санаторийлерге жолдомолорду берүү жана дем алууларды уюштуруу боюнча иштерди мектептин профсоюз комитети менен бирдикте жүргүзүү;
9. Эң төмөнкү айлык алган кочегарларга, тех персоналдарга мүмкүнчүлүккө жараша ар тараптуу колдоо көрсөтүү. Эч себепсиз сабакка балдарын жибербеген ата-энелерге мыйзам чегинде чара көрүүнү мектеп администрациясы менен бирдикте ишке ашыруу
10. Мектепке жаңы иштеп келген кадрларды квартира менен камсыз кылуу менен жардамдарды берүү;
11. Окуучуларды конкурстарга, олимпиадаларга жана спортакиаларга жиберүүдө акча каражаттарын чечип берүү.

Экинчи тарап

**Мектеп администрациясы милдеттенет:**

1. Мугалимдердин жана техникалык кызматчылардын иштөөсүнө, эс алуусуна ыңгайлуу шарттарды түзүү;
2. Мугалимдердин чыгармачылык жана демилгелүүчүлүк ишкердүүлүгүн жогорулатуу үчүн нормативдик талаптарга жооп бере турган иш орундары менен камсыз кылуу. Ал үчүн чечинүүчү, жуунучу жайларды, эс алуу бөлмөсүн түзүү. Иш орундарында жарыктын жана жылуулуктун абалын, тазалыгын санитардык-гигиеналык режимдердин аткарылышы менен камсыз кылуу;
3. Химия, физика кабинеттеринде желдетүүчү кыймылдаткычтардын иштеши, окуу кабинеттеринде нормалдуу жылуулукту жана ачылып туруучу форточкалардын болушу менен камсыз кылуу;
4. Эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук боюнча бурчтарды түзүү. Атайын инструктаждарды окутуп туруу. Атайын жабдууларды орнотуу. Өндүрүштө майып болууну алдын алуучу бардык чараларды өткөрүп туруу;
5. Сапаттуу тарбия. Терең билим берүү үчүн мугалимдерге, окуучуларга, мектепте шарт түзүү;

**Ал үчүн:**

- Тарификацияларды туура түзүү
- Мугалимдердин эмгегине жараша категорияларды туура берүү
- Жүгүртмөнү мугалимдердин макулдугу менен түзүү
- Мектептин кыш мезгилинде талапка ылайык жылуу болушу
- Мугалимдер канаасында сабактарга пайдалануу үчүн методикалык материалдар менен камсыз болуусун жетекчиликке алуу

6. Мугалимдердин негизсиз иштен бошотулуусуна жол бербөө, эмгек тартибинин сакталышына контролдукту күчөтүү;
7. Кыш айларында иштөөгө карата бардык уюштуруучулук чараларды көрүү. Электр кыймылдаткычтарынын, электр линияларынын, суу түтүктөрүнүн оң абалда болушун, иш орундарын жылытуу, от жагуучу жайлардын даярдыгын текшерүү, мектептин кышка даярдыгын камсыз кылуу;
8. Эмгек тартибин чыңдоо, ар жумушчу орундарында уюшкандыкты жана эмгектин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү. Алдыңкы чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасын кеңири жайылтуу. Мугалимдердин закондуу укуктарын корго жана аткаруу;
9. Коомдук керектөө орундарынын калыстык менен бөлүнүшүнө,эмгек акылардын өз убугында төлөнүп берилишин камсыз кылууга жетишүү.

**Үчүнчү тарап**

**Мектептин кесиптик жамааты**:

1. Кесиптин бардык мүчөлөрүнүн (мектепте иштеген) чыгарчыгармачылык демилгелүүлүк менен иштөөсүнө, эс алуусуна толук шарттардын түзүлүшүн талап кылат жана алардын ишке ашырылышына жардам берет;
2. Эмгек тартибинин чыңдалышына, сакталышына ар бир жумушчу орундардын натыйжалуу пайдаланышына кесиптик уюмдун мүчөлөрүнө коюлган талаптардын так аткарылышына жетишүү;
3. Мугалимдердин жана башка педагогикалык кызматчылардын аттецтациядан өтүүсүнө, эмгектин коргоо эрежелерине, укуктук билим берүүгө үйрөтүүгө мектеп дирекциясына жардам берет;
4. Педагогдордун жана кызматчылардын закондуу кызыкчылыктарынын жана укутарына каршы келген бардык административдик чечимдердин жокко чыгарышына токтолушуна же өзгөртүлүшүнө карата чечкиндүү чараларды көрөт;
5. Дирекция менен профкомдун ортосунда коллективдин иштөөсүнө жана жашоосуна ыңгайлуу шарт түзүү боюнча талаптардын сөзсүз аткарылышына жетишүү менен пайда болгон талаш-тартыштарды жөнгө салууну камсыз кылуу;
6. Педагогдордун жана жумушчулардын турмуш тиричилигине иштөөсүнө шарт түзүү боюнча келишимде белгиленген талаптарды, коопсуздук эрежелеринин аткарылышына жоопкерсиздик менен мамиле жасаган кызмат адамдарына ишеним көрсөтпөө боюнча чечкиндүү чара көрөт;
7. Окуу жүрүп жаткан мезгилде мектеп мугалимдерин жана окуучуларды айыл чарба жумуштарына жана башка жумуштарга жиберилишине жол бербөө. Мектептин өз кызыкчылыгына тиешелүү жумуштарга каникул же окуудан кийинки мезгилде гана иштөөгө жиберүү, жылына бир эки гана жолу;
8. Педколлектив жана техникалык кызматчыларга юридикалык консультациялардын өтүлүп турушун камсыз кылуу. Үч тараптуу келишим кеситтик жамааттык жалпы чогулушунда талкууланып кабыл алынат;

**Макулдашуунун корутундусу**:

1. Макулдашуу үч тарап кол койгондон кийин күчүнө кирет.
2. Макулдашуу жалпы чогулушта талкууланып кабыл алынат.
3. Макулдашуунун аткарылышы мектеп коллективинин жалпы чогулушунун жылына бир жолу окуу жылынын аягында үч тараптын катышуусу менен талкууланып, отчет берилет.
4. Келишим беш нускада түзүлөт. 1 нуска катто үчүн Райкеңеште, 1 нуска айыл өкмөтүндө, 1 нуска мектепте, 1 нуска профкомдо, 1 нуска Райкомпрофсоюзда сакталат.

| | | |
|---|---|---|
| Чолпон айыл өкмөтү | К. Акназаров атындагы орто мектеби | К. Акназаров атындагы орто мектебинин профсоюздук уюму |
| ___________2019-2020-ж | __________2019-2020-ж | ______________ 2019-2020-ж |

# *Келишим*

## *К. Акназаров атындагы орто мектеби*

*К. Акназаров атындагы орто мектеби, профилактикалык кеңеш биринчи тарап жана мектептин ата-энелери экинчи тарап, мектептин окуучулары үчүнчү тарап болуп келишим түзүшот.*

*Жалпы жобо*

*Келишим түзгөн үч тарап тең өз ишин жүргүзүүдө КР Конституциясынын, КРнын мыйзамдарын окутуп тарбиялоого байланыштуу нормативдүү укуктук актыларды жалпы билим берүүчү мектептер жөнүндөгү жобону уюштуруучулар менен түзүлгөн келишимдерди жана мектептин уставын жетекчиликке алат.*

*Мектеп, ата-эне, окуучулр ортосундагы мамиле түзүлгөн келишимдин негизинде КРнын мыйзамдарынын чегинде аныкталат. Окуучулар менен алардын ата-энелеринин ортосундагы мамиле мектептин уставынын негизинде жөнгө салынат.*

*1. Мектеп тарбиячылар, тарбиялануучулар тарабынан түзүлгөн келишим бузулса, өздөрүнө тиешелүү мыйзам чегинде жооп берет.*

### *Тараптын укуктары жана милдеттери*

***1-тарап.*** *К.Акназаров атындагы мектеп төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ. Балдар жана ата-энелер аларды алмаштыруучу адамдар үчүн жергиликтүү билим берүүчү мекеме көрүнө жерге уставдын ички тартип эрежелеринин текстерин, ал уюмдардын ишин көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын, алар менен байланышуунун жолдорун көрсөтүү менен илинип коюлат.*

- *Мектеп өз ишинде балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын чектөөгө жол бербейт.*
- *Баланын мамлекеттик билим берүү мекемесине кирүүсүнө мыйзамда каралбаган чектоолөргө жол бербейт.*
- *Мектеп акчалай же материалдык кандайдыр бир жыйындарды акыларды мажбурлап алууга жол бербейт, мектеп мажбурлоону жана кордоону болтурбастан, окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин, окуучулардын кадыр баркын эске алуу менен тарбиялык мүнөздөгү чаралар аркылуу гана тартипти камсыз кылат.*
- *Мектепте балдарды уруп-согуп жазалоого жол берилбейт. Уруп-согуп жазалаган учурда жазалаган адам жана мектеп жетекчилери КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликтерди тартышат.*
- *Мектеп окуучуларына каршы келген иштерди уюштуруп, билим берүү мекемесинде тарбиялоого мүмкүн болбой калган, мектептин уставын одоно түрдө бир нече жолу бузган 14 жаштан жогорку балдарды чыгаруу укугуна ээ. Мектептен чыгарылган окуучу жашы жеттегендер менен атайын окутуу-тарбиялоо мекемелерине жиберилет.*

***2-тарап*** *К. Акназаров атындагы орто мектебинин окуучулары төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.*

- *Ар бир бала мамлекеттик билим берүү мекемелеринде акысыз билим алууга укуктуу.*
- *Мамлекет баштапгыч жалпы жана негизги билим алуунун милдеттүүлүгүн, акысыздыгын жана жеткиликтүүлүгүн ошондой эле КРнын мыйзамдарына ылайык жалпы орто билим алуунун акысыздыгын кепилдейт.*
- *Окуучулардын расасына, улутуна, социалдык абалына карабай тең укуктуу мамиле кылынат.*
- *Ар бир КРнын жараны баштапгыч жалпы негизги билим алууга милдеттүү.*
- *Окуучулардын бири- бирине үстөмдүк зордук-зомбулук кылууга жол берилбейт.*

- *Окуучуларга наркоманиялык, таксикоманиялык, спирттик ичимдиктерди ичүүгө жана тамеки чегүүгө, жардыргыч жана башка ушулсыяктуу өмүргө зыян келтирүүчү заттарды пайдаланууга жана аларды алып жүрүүгө тыюу салынат.*
- *Окуучуларга окуу куралдарынан башка курал-жарактарды, телефондорду алып келүүгө тыюу салынат.*
- *Коркутуп-үркүтүү, зомбулук кылып, күч колдонууга рекетчилик кылууга тыюу салынат*
- *Сабак учурунда мугалимге тоскоол болууга, сабактан качууга, себепсиз калууга, кечигип келүүгө тыюу салынат*
- *Окуучу тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү, экинчи жолкусунда мектептин учетуна алынат, үчүнчү жолкусунда КДД жана ИДН ге сунушталат.*

***3-тарап*** *К. Акназаров атындагы орто мектебинин окуучулары жана ата-энелери төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.*

- *Ата-энелер жана алады алмаштыруучу адамдар баланын толук кандуу өсүшүнө, тарбиялануусуна, билим алуусуна, ден-соолугунун чыңдалышына, үй бүлөөдө жана коомдук өз алдынча жашоого даярдануусуна зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.*
- *Ата-энеледин экөө тең же аларды алмаштырган адамдар баланын тарбиялануусу, тийиштүү түрдө багылуусу, материалдык жактан турак-жай менен камсыз болуусу үчүн кам көрүүгө милдетүү.*
- *Ата-энелер жана алады алмаштыруучу адамдар баланы тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө, баланын жаш курагына жана жөндөмүнө жараша анын аракеттерин башкарууга укуктуу жана милдетүү.*
- *Ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар ата-энелик укуктарын ишке ашырууда балдардын дене бой жана психикалык саламттыгына жана алардын адеп-ыймандык өнүгүүсүнө залал келтирүүгө укуктары жок.*
- *Балдарды тарбиялоо ыкмалары баланын этибар албаганката орой адамдык басмырлаган мамиле, мазактоо, экспулатациялоого жол бербоого тийиш.*
- *Ата-энелер балдардын сабактан кийинки мезгилдеги тартиптерине, кылмыштуулукка барбоосуна жана терс көрүнүштогү иш-аракеттерине жооп берет жана өз мойнуна алат.*
- *Мектептин уставын аткарууга милдеттүү*
- *Мектепте ата-энелер чогулушуна милдетти түрдо катышуу*
- *Мектептин мүлкүно баласынын аяр мамиле кылышына үйротүүгө, китептерди жоготсо же айрыса, мектеп инвентарларын сындырса буюмдун наркын төлөп берүүгө милдеттүү*
- *Ата-эне тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү берилет, экинчи жолкусунда 500 сом жаза пул, үчүнчү жолкусунда КДД жана РОВДга сунушталат*

| | | |
|---|---|---|
| ***1-тарап*** | ***2-тарап*** | ***3-тарап*** |
| *К. Акназаров атындагы орто мектебинин директору* | 9б *классынын окуучусу* | *Атасы:* |
| *Р. Айдаркулов* | Чолпонкадыр уу. Баяман | *Энеси:* |

*ТИУ:* *Жумалы уулу А.*

*Соц педогог:* *Туралиева Г.*

*Проф кең. торайымы:*

*Бактыгулова Т.*

*Класс жетекчиси: /*